**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**"Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ" ИЛИМИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ**

**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитүүгө сунушталган**
**Протокол №_5_**
**"_31_" _01_ 2025-ж.**

**БЕКИТЕМ**
**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун ректору, т.и.д., профессор**
**К.Ж.Усенов ________**
**"_03_" _02_ 2025-ж.**

# ЖОГОРКУ ЖАНА ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ БОЮНЧА НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОБО

*ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдын 1-сентябрындагы № 1 –протоколу менен өзгөртүү, толуктоолор киргизилди.*

**Жалал - Абад -2025**

## 1. Жалпы жоболор

Жобо Кыргыз Республикасынын 11.08.2023 жылдагы «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана “Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий билим берүү өндүрүштүк комплексинин Уставына, КРнын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-майы, Nэ 258 Кесиптик жогорку жана орто билим беруу чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө токтомунун жана КРнын Министрлер Кабинетинин 2024 -жылдын 24-сентябрындагы, № 590 Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынынишин жөнгө салган ченемдик укуктук актыларын бекитүү жөнүндө жана 2025-жылдын 10-июнундагы №329, Кесиптик жогорку жана орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө,о.э. 2024-жылдын 8-июлундагы №371 “Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макетин бекитүү жөнүндө” токтомдоруна ылайык, ЖАМУда иштелип чыккан тиешелүү локалдык нормативдик докукменттерге таянып жасалды

1. Ушул Жобо Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (мындан ары — Университет) жогорку жана орто кесиптик билим берүү боюнча негизги билим берүү программасын (мындан ары — НББП) иштеп чыгуу, бекитүү жана ишке ашыруу тартибин, максатын жана милдеттерин аныктайт.

1.1. Негизги билим берүү программасы — бул билим берүү процессинин максаттарын, мазмунун, уюштурулушун жана натыйжаларын аныктаган нормативдик жана усулдук документтердин жыйындысы.

**1.2. Билим берүү программасынын максаты жана милдеттери**

НББПнын максаты — заманбап билимге, кесиптик компетенцияларга жана көндүмдөргө ээ болгон, эмгек рыногунун талаптарына жана илим-техниканын өнүгүшүнө шайкеш келген адистерди даярдоо.

НББПны ишке ашыруунун негизги милдеттери төмөнкүлөрдөн турат:

-билим берүүнүн жогорку сапатын камсыз кылуу;

-адистик багытына жараша компетенцияларды калыптандыруу;

- практикага багытталган окутууну өнүктүрүү жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгүн камсыз кылуу;
- билим менен илимдин интеграциясын өнүктүрүү.

-Жумуш орунда окутууну уюштурууну пландоо

НББПны ишке ашыруу төмөнкү принциптерге таянат:

- компетенттүүлүккө негизделген мамиле;
- билим менен өндүрүштүн интеграциясы;
- үзгүлтүксүз билим берүү жана кесиптик өнүгүү;
- окутуунун жыйынтыктарына жана сапатына багытталуу.

Программа ар бир адистиктин өзгөчөлүгүнө жараша түзүлөт жана Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы мыйзамдык актыларга, мамлекеттик билим берүү стандартына жана жогорку (же орто кесиптик) билим берүү уюмунун ички жоболоруна ылайык келет.

1.3.НББП билим берүү стандартынын негизинде (мындан ары текст боюнча ЖКББ ББ же ОКБ ББ) тиешелүү багыт (адистик) боюнча иштелип чыгат.

1.4.Негизги билим берүү программасы даярдоонун багыты (адистиги) боюнча өз алдынча иштелип чыгып, Окумуштуулар Кеңешинин жыйналышында каралат жана ЖАМУнун ректору бекитет.

1.5.Бекитилген НББПсына өзгөртүүлөр жана толуктоолорду киргизүү ошол эле тартипте жүргүзүлөт.

1.6.Билим берүү программанын жетекчиси даярдоонун ушул багытынын (адистигинин)

адистеринин ичинен илимий даражасына ээ (жана / же наамы), жана / же илимий-педагогикалык, уюштуруу-методикалык, практикалык иш-чараларды уюштурган жетектөөчү адистерден туруп, ЖАМУнун ректорунун буйругу менен дайындалат.
1.7.ЖКББ НББПга кирген документтердин комплексин иштеп чыгуу программа жетекчисине, окуу планына жооптуу – кафедранын, циклдик комиссиянын жетекчисине жүктөлөт .

**2. Программа жөнүндө жалпы маалымат**
**Бул бөлүмдө төмөнкүлөр камтылат:**

- Программанын **аты жана квалификациясы**.
- **Билим берүү деңгээли** (орто кесиптик, жогорку кесиптик).
- **Программанын мөөнөтү** (жыл, семестр, кредиттер менен).
- **Программанын негизги максаты** — студентти кесиптик ишмердикке даярдоо.

**2.1. Стандарттар жана нормативдик база**

- Мамлекеттик билим берүү стандарттары (ЖАМУда иштелип чыккан билим берүү стандарттары).
- Сапатты баалоо критерийлери.
- Кесиптик компетенциялар (КК), жалпы компетенциялар (ЖК), жана жалпы кесиптик компетенциялар (КК)

**2.3. Окуу натыйжалары (Learning Outcomes)**

- **Окуу натыйжалары** — Аталган адистик боюнча бүтүрүүчү кандай инсандык сапаттарга,жалпы кесиптик жана кесиптик көндүмдөргө ээ боло алат.Ар бир дисциплинананын окутуу натыйжалары адис даярдоого багытталып,өз-өзүнчө жазылат
- Натыйжалар **RO (Results/Outcomes)** формасында берилет, алар КК, ЖК жана ЖКК менен байланыштырылып,ошолордун жыйындысынан алынат.

## 2.4. Контент жана дисциплиналар (Modules / Courses)

Программа төмөнкү блоктор менен түзүлөт:

1. **Негизги кесиптик дисциплиналар (КК)**
- Негизги кесиптик билимдер жана көндүмдөр.
2. **Жалпы ,жалпы кесиптик,кесиптик компетенциялар (ЖК,ЖКК,КК)**
- Коммуникация, командалык иш, кесиптик этика.
3. **Интеграцияланган жана окутуудагы практикалык компоненттер (ИОК/Практика)**
- Лабораториялык, практика-жеке жана өндүрүштүк практика.
- Кесиптик компетенцияларды иш жүзүндө калыптандыруу.
4. **Базалык окуу планындагы дисциплиналар катологу жана тандалма дисциплиналар**
- Студенттин жеке кызыкчылыгына жана кесиптик профилине ылайык.

## 2.5. Окуу-методикалык камсыздоо

- Окуу куралдары, электрондук ресурстар, лабораториялык жабдуулар.
- Сапатты жана окуу процесстин натыйжалуулугун камсыздоо системалары.

## 2.6. Баалоо жана аттестация

- **Аралык жана жыйынтык баалоо**: тест, эссе, практикалык иштер, лабораториялык иш.
- **Жыйынтыктык аттестация**: мамлекеттик экзамен, квалификациялык экзамен, дипломдук иш.
- **Критерийлер жана шкалалар**: баллдык система, кредиттик система.

**2.7. Учурдагы квалификация жана өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү**

- Студентти бүтүргөндөн кийин ишке орношуу багыттары.
- Жогорку билим алуу мүмкүнчүлүктөрү.
- Кесиптик өсүү жана кайра даярдоо жолдор.

**3. Билим берүү программасын ишке ашыруу тартиби**

3.1. НББП Университеттин кафедралары тарабынан түзүлүп, окуу бөлүмү тарабынан бекитилген окуу пландары жана академиялык календардын негизинде жүргүзүлөт.
3.2. Окутуу процесси күндүзгү, сырттан же аралыктан окутуу, формаларында уюштурулушу мүмкүн.
3.3. Студенттердин практикалык даярдыгы Университеттин, мекемелердин, ишканалардын жана уюмдардын базасында аткарылат, алар менен тиешелүү келишимдер түзүлөт.

**4. НББП пайдалануучулар жана билим берүү процессине катышуучулардын укуктары жана милдеттери**

4.1.НББП пайдалануучулар: ЖАМУнун жетекчилиги, профессордук- окутуучулар курамы жана студенттери, мамлекеттик аттестациялык жана экзамендик комиссиялар, кафедралар, колледждер, билим берүүнү башкаруунун органдары, иш берүүчүлөр, жогорку жана орто кесиптик билим берүү системасында аккредитациялоону жана сапатты текшерүүнү жузөгө ашыруучу органдар.
4.2. Студенттер сапаттуу билим алууга, окуу-усулдук материалдарга жетүүгө жана билим берүү программасынын мазмунун калыптандырууга катышууга укуктуу.
4.3. Окутуучулар билим берүү программаларын жогорку илимий жана методикалык деңгээлде ишке ашырууга, академиялык этиканы сактоого жана окутуунун сапатына жооп берүүгө милдеттүү.

**5. НББПнын бүтүрүүчүнү даярдоо багыты (адистиги) боюнча кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү.**

5.1.Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү.

**Чөйрөнүн жалпы мүнөздөмөсү:**

Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгү анын адистиги жана даярдык багыты боюнча жүргүзүлөт. Ишмердүүлүктүн чөйрөсү анын билим, көндүм жана компетенцияларынын практикалык колдонулушуна ылайык аныкталат.

**5.2. Ишмердүүлүк жүргүзүлүүчү негизги чөйрөлөр:**

- **Мекемелер жана ишканалар:** адистикке байланыштуу мамлекеттик жана жеке секторлор, лабораториялар, заводдор, компаниялар.
- **Коомдук жана социалдык уюмдар:** кесиптик консультация берүү, долбоорлорду ишке ашыруу, социалдык программаларды уюштуруу.
- **Билим берүү жана илим чөйрөсү:** илимий изилдөөлөр, окутуу процесстерине катышуу, методикалык ишмердүүлүк.
- **Информационно-коммуникациялык чөйрө:** маалыматтык технологияларды колдонуу, маалымат алмашуу, документтер менен иштөө.

**5.3. Ишмердүүлүк объекттери:**

- Технологиялар жана жабдуулар.
- Маалыматтар, аналитикалык материалдар жана статистикалык көрсөткүчтөр.
- Документтер, отчеттор жана долбоорлор.
- Кардарлар, коомчулук жана пайдалануучулар.

**5.4. Ишмердүүлүк шарттары:**

- Кесиптик стандарттарга жана коопсуздук эрежелерине ылайык.

- Командалык жана өз алдынча иштөөгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн.
- Замандын талаптарына жооп берген материалдык-техникалык базасы бар.
- Жаңы маалыматтык жана инновациялык технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүгү.

**5.5. Ишмердүүлүктүн мүнөздүү өзгөчөлүктөрү:**

- Компетенттүүлүк жана практикалык көндүмдөрдүн интеграциясы.
- Аналитикалык жана чыгармачыл ой жүгүртүүнү талап кылуу.
- Жоопкерчилик жана кесиптик этиканы сактоо.
- Кесиптик чөйрөнүн көп кырдуу байланышын жана интерактивдүүлүгүн камсыз кылуу. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү — ал билим жана көндүмдөрүн практикада колдонгон, ар кандай мекемелерде жана уюмдарда иш жүргүзө алган кең жана көп кырдуу мейкиндиги болуп саналат.

**6.НББПсын өздөштүрүүнүн натыйжасында бүтүрүүчү ээ боло турган компетенциялар**

**Бүтүрүүчү төмөнкү компетенциялар менен куралданат:**

1. **Кесиптик билим жана жалпы билими:**
   - Адистигине тиешелүү теориялык жана практикалык билимдерди өздөштүрүү.
   - Жаңыланган илимий жана технологиялык маалыматтарды колдонуу жөндөмү.
2. **Коммуникация жана социалдык компетенциялар:**
   - Кесиптик чөйрөдө так, түшүнүктүү жана натыйжалуу коммуникация жасоо.
   - Командада жана көппрофилдүү жамаатта иштөө жөндөмү.
3. **Критикалык ой жүгүртүү жана чечим кабыл алуу:**
   - Кесиптик маселелерди анализдөө жана чечим чыгаруу.
   - Илимий-изилдөө жана практикалык иштерди жүргүзүү жөндөмү.
4. **Кесиптик этика жана жоопкерчилик:**
   - Жеке жана кесиптик жоопкерчилик.
   - Жогорку этикалык стандарттарды сактоо.
5. **Өзүн-өзү өнүктүрүү жана үйрөнүү жөндөмдүүлүгү:**
   - Өмүр бою билим алуунун маанисин түшүнүү.
   - Жаңы билимдерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүүгө даярдык.
6. **Цифрлык жана техникалык компетенциялар (зарыл болсо):**
   - Замандын технологияларын жана программалык жабдууларын колдонуу.
   - Цифрдык маалыматтарды талдоо жана интерпретациялоо жөндөмү.

**7. НББПны ишке ашыруунун шарттарына карата талаптар**

Негизги билим берүү программасын (НББП) натыйжалуу ишке ашыруу үчүн төмөнкү шарттар камсыздалууга тийиш:

**7.1.Кадрдык шарттар**

- Окутуучулар жана өндүрүштүк окутуунун устаттары тиешелүү кесиптик билимге, практикалык тажрыйбага жана педагогикалык компетенцияларга ээ болушу зарыл.
- Кесиптик билим берүү багытындагы адистердин үзгүлтүксүз квалификациясын жогорулатуу, өндүрүш менен байланышта болуусу камсыздалат.

**7.2.Материалдык-техникалык шарттар**

- Окуу аудиториялары, лабораториялар жана устаканалар заманбап талаптарга ылайык жабдылышы керек.
- Компьютердик техника, интернет жана мультимедиалык каражаттар жетиштүү болушу зарыл.
- Өндүрүштүк жана практикалык сабактар үчүн реалдуу же окшоштурулган (симуляциялык) чөйрөлөр түзүлөт.

**7.3.Маалыматтык жана усулдук шарттар**

- Китепкана фондунда тиешелүү окуу, усулдук жана маалыматтык адабияттар жетиштүү болушу керек.
- Электрондук билим берүү ресурстары, санариптик платформалар жана онлайн курстар колдонулат.
- Окуу-методикалык комплекстер, окуу пландар жана программалар билим берүү стандартына ылайык иштелип чыгат жана үзгүлтүксүз жаңыланып турат.

**7.4.Өндүрүштүк практика жана жумуш ордунда окутуу шарттары**

- НББПнын маанилүү бөлүгү катары студенттердин **жумуш ордунда окутуу** жана өндүрүштүк практикадан өтүүсү камсыздалат.
- Жумуш ордунда окутуу үчүн иш берүүчүлөр, өндүрүш ишканалары жана уюмдар менен **меморандумдар же келишимдер** түзүлөт.
- Практика жана жумуш ордунда окутуу процессинде студенттер кесиптик көндүмдөрдү иш жүзүндө өздөштүрүшөт.
- Иш берүүчүлөр жана устаттар тарабынан окутуу процессине катышуу, баалоо жана кайтарым байланыш уюштурулат.
- Жумуш ордунда окутуунун жыйынтыктары НББПнын окуу натыйжалары менен байланышта бааланат.

**7.5.Социалдык жана коопсуздук шарттары**

- Студенттердин жана окутуучулардын эмгек коопсуздугу, саламаттыгы жана укуктары камсыздалат.
- Окуу жана практика өтүү мезгилинде коопсуздук техникасы боюнча нускамалар жүргүзүлөт.
- Билим берүү процесси үчүн жагымдуу социалдык-психологиялык климат түзүлөт.

**8.Негизги билим берүү программасын түзүүнүн эрежелери (НББП)**

**8.1. Программадан максатты жана профилди аныктоо**

- **Программанын максаты**: бүтүрүүчү кандай компетенцияларга ээ болушу керек (жалпы, кесиптик, жалпы кесиптик).
- **Профилдештирүү**: билим багыты/адистиги, билим берүү деңгээли (жогорку же орто), окутуу формасы (күндүзгү, сырттан, аралыктан).
- **Мамлекеттик билим берүү стандарттарына** шайкештикти камсыз кылуу.

**8.2. Эмгек рыногуна анализ жүргүзүү**

- Эмгек рыногунда талап кылынган компетенцияларды аныктоо.
- Студенттер практика өтө турган ишканалар менен байланыш түзүү.
- Программа аркылуу берилүүчү билими жана көндүмдөрү рынокко шайкеш болушу керек.

**8.3. Билим берүү натыйжаларын аныктоо**

- Ар бир натыйжага **код жана деңгээл** берилет (Bloom таксономиясы же улуттук квалификациялык рамка боюнча).

**8.4.Программанын түзүмүн аныктоо**

Окуу планы

- базалык цикл дисциплиналары (жалпы билим берүү жана жалпы кесиптик),
- кесиптик цикл дисциплиналары,
- практика жана стажировка,
- акыркы аттестация.
- **Сааттар/кредиттер**: ар бир дисциплина жана цикл боюнча.
- **Дисциплинанын мазмуну**: максаттары, темалары, контролдоо формалары, адабият.

**8.5. Окутуу формаларын жана методдорун аныктоо**

- Күндүзгү, сырттан же аралыктан окутуу.
- Окутуу методдору: лекциялар, практикалык сабактар, лабораториялык иштер, долбоорлор, кейс-метод.
- **Жумуш ордунда окутуу (ОРМ)** киргизилет.

**8.6. Контролдоо формалары жана методдору**

- **Учурдагы контролдоо**: тесттер, тапшырмалар, практикалык иш.
- **Аралык контролдоо**: зачет, курстук долбоор, проект.
- **Акыркы контролдоо**: мамлекеттик аттестация, экзамен, дипломдук долбоорду коргоо.
- Ар бир билим берүү натыйжасы тиешелүү контролдоо формасына байланыштуу болушу керек.

**8.7. Методикалык камсыздоо**

- Дисциплинанын жумушчу программалары, методикалык колдонмолор, окуу китептери, лабораториялык көрсөтмөлөр.
- Окутуучу жана студенттер үчүн материалдар (онлайн жана офлайн).

**9.НББПга кирген документтер**

- Титулдук барак(1-тиркеме)
- Компетенциялардын матрицасы(2-тиркеме)
- Окуу планы(3-тиркеме) жана академиялык календарь.(4-тиркеме)
- Дисциплиналардын жумушчу программалары.
- Практика  программалары.(5-тиркеме)
- Баалоо каражаттарынын фонду.(6-тиркеме)
- Методикалык материалдар.
- Практикалык окутуунун жана жумуш ордундагы окутуунун (ЖОО) программалары;(7-тиркеме)
- Окутуунун инновациялык технологиялары
- Квалификациялык талаптар жана баалоо критерийлери.
- Окуу планындагы базалык жана вариативдик, анын ичинде тандоо курстары боюнча дисциплиналардын аннотациясы (8-тиркеме базалык программа катары (Аннотация)).

**9.1.Кесиптик стандарттар жана эмгек рыногунун документтери:**

- Тийиштүү адистик боюнча **кесиптик стандарттар** жана **улуттук квалификациялар алкагынын** документтери;
- Иш берүүчүлөр менен түзүлгөн келишимдер жана практикалык окутуунун программалары;
- Өндүрүш жана жумуш ордунда окутуунун ченемдик-нормативдик материалдары.

**9.2.Илимий жана маалыматтык булактар:**

- Билим берүү программасын иштеп чыгууда колдонулган илимий-методикалык, маалыматтык жана санариптик ресурстар;
- Электрондук билим берүү платформалары, базалар жана онлайн окуу материалдары.

Бул документтер НББПнын мазмунун аныктап, билим берүү процессинин сапатын, ырааттуулугун жана укуктук негиздүүлүгүн камсыз кылат.

**9.3. Студенттердин жекече окуу планы**

Студенттердин жекече окуу планы — бул билим берүү программасынын негизинде студенттин индивидуалдык окуу траекториясын аныктаган документ болуп эсептелет. Ал студенттин билим алуу темпин, кызыгуусун жана кесиптик багытын эске алуу менен түзүлөт.

Жекече окуу план төмөнкү максаттарда колдонулат:

- студенттин өз алдынча билим алуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү;
- жеке окуу муктаждыктарын жана жөндөмдөрүн эске алуу;
- окуу процессинде ийкемдүүлүк жана жекелештирилген мамиле түзүү;
- окуу жүгүн жана убакыт ресурстарын рационалдуу бөлүштүрүү.

**9.4.Жекече окуу планын түзүүнүн жана ишке ашыруунун негизги жоболору:**

1. Жекече окуу план студенттин катышуусунда, академиялык кеңешчи (же куратор) менен биргеликте иштелип чыгат.
2. План окуу планынын жана НББПнын структурасына ылайык түзүлөт, бирок студентке тандоо компоненттеринен өз багытын тандоого мүмкүнчүлүк берет.
3. План төмөнкү маалыматтарды камтыйт:
   - окуу жылы жана семестрлер боюнча предметтердин (же модулдардын) аталыштары;
   - кредиттердин саны жана академиялык сааттар;
   - окутуунун формалары (лекция, практика, лаборатория, жумуш ордунда окутуу ж.б.);
   - аралык жана жыйынтык баалоо түрлөрү.
4. Жекече окуу план жыл сайын жаңыланып турат жана факультет (же бөлүм) тарабынан бекитилет.
5. Планды ишке ашыруунун жүрүшү академиялык кеңешчи тарабынан көзөмөлдөнөт жана студенттин академиялык көрсөткүчтөрү боюнча талданат.
6. Жумуш ордунда окутуу (ЖОО) же өндүрүштүк практика жекече окуу планга милдеттүү түрдө киргизилет.

**Жекече окуу план** — бул студенттин кесиптик компетенцияларын калыптандырууда жоопкерчилигин, өз алдынчалыгын жана академиялык эркиндигин арттыруучу инструмент болуп саналат.

**10. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн сапатын баалоо**

10.1. НББПны өздөштүрүүнүн сапаты учурдагы, аралык жана жыйынтык контролдор аркылуу бааланат.

10.2. Билимди контролдоо формаларына тестирлөө, маектешүү, көзөмөл жана курстук иштерди аткаруу, практикалык тапшырмалар жана мамлекеттик аттестация кирет.95.3. Билим берүү программасынын сапаты аккредитациянын жыйынтыктары жана бүтүрүүчүлөр менен жумуш берүүчүлөрдүн пикирлери аркылуу да бааланат.

**11. ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯГА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР**

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация (ЖМА) — бул студенттин НББП боюнча өздөштүргөн билимдерин, компетенцияларын жана практикалык көндүмдөрүн баалоо максатында жүргүзүлгөн расмий текшерүү процессидир.

***11.1. ЖМАнын максаты:***

- Студенттин адистик боюнча билим деңгээлин жана компетенцияларын баалоо;
- НББПнын талаптарына ылайык билим берүүнүн сапатын жана натыйжалуулугун камсыздоо;
- Студенттин кесиптик даярдыгын жана практикалык көндүмдөрүн аныктоо.

***11.2. ЖМАга коюлуучу негизги талаптар:***

1. Студент НББПнын бардык окуу компоненттерин, анын ичинде лекциялык, практикалык, лабораториялык сабактарды жана жумуш ордунда окутууну ийгиликтүү өткөн болушу зарыл.
2. Студент өзүнө карата белгиленген кредиттик сааттарды толук аткарган болушу керек.
3. Жекече окуу планы боюнча белгиленген бардык модулдарды жана практикалык тапшырмаларды аткаргандыгы документтештирилген болушу керек.

4. Студент компетенцияларды жана көндүмдөрдү көрсөтүү үчүн практикалык жана теориялык тестирлөөдөн, курстардык же дипломдук иштен өтүшү зарыл.

***11.3. ЖМАнын программасы:***

ЖМАнын программасы НББПнын негизинде түзүлүп, төмөнкү бөлүктөрдү камтыйт:

- **Теориялык бөлүк:** негизги предметтер боюнча тесттер, эссе-жазма тапшырмалар жана суроолор;
- **Практикалык бөлүк:** лабораториялык иштерди аткаруу, өндүрүштүк же жумуш ордундагы практикалык тапшырмаларды көрсөтүү;
- **Дипломдук (жеке илимий/практикалык) иш:** адистик боюнча илимий изилдөө, долбоорлоо же практика отчётун коргоо;
- **Компетенциялар боюнча баалоо:** НББПда белгиленген бардык кесиптик жана жалпы компетенциялар боюнча жетишкендиктерди документтештирүү.

***11.4. Баалоо жана аттестациялоо:***

- ЖМАнын жыйынтыгы студенттин жалпы академиялык көрсөткүчүнө жана компетенциялардын деңгээлине негизделет;
- Баалоо критерийлери алдын ала бекитилип, студенттерге маалымдалат;
- Аттестациядан өткөн студенттерге квалификациялык документ берилет (диплом, аттестат ж.б.).

12.Адистиктердин негизги билим берүү  программалары төмөндөгү баалоо критерийи менен бааланат:

**12.1**.Ички баалоонун максаты – адистик боюнча негизги окуу программасынын мамлекеттик стандарттарга, иш берүүчүлөрдүн талаптарына жана университеттин ички сапат критерийлерине шайкештигин аныктоо.

**НББПны (бүтүрүүчү билим берүү программаларын) баалоо критерийлери (бардык адистиктер үчүн)**

**Баалоо шкаласы:**

5 – эң жакшы, 4 – жакшы, 3 – канааттандырарлык, 2 – жетишсиз, 1 – начар

**I. Концептуалдык-максаттуу блок (20 балл)**

| № | Критерий | Түшүндүрмө | Макс. балл |
|---|---|---|---|
| 1 | НББПнын максаттары жана милдеттери ЖОЖдун стратегиялык максаттарына жана билим берүү приоритеттерине шайкеш келиши | Программанын максаттары окуу жайдын миссиясын, стратегиясын жана профилин чагылдырат | 5 |
| 2 | НББПнын актуалдуулугу жана инновациялуулугу | Илимдин, эмгек рыногунун жана санариптештирүүнүн заманбап тенденцияларын эске алуу | 5 |
| 3 | Окутуунунжыйынтыктарынын мамлекеттик стандарттарга жана кесиптик стандарттарга шайкештиги | Окуу жыйынтыктары так, өлчөнө ала турган, жетүүгө мүмкүн болгон болушу,Б.Блумдун жогорку деңгээлдеги этиштери менен жазылышы | 5 |
| 4 | Иш берүүчүлөрдүн жана кесиптик коомчулуктун программаны түзүүгө катышуусу | Келишимдердин, пикирлердин, катышуунун болушу | 5 |
| | **II. Мазмундук блок (25 балл)** | | |
| 5 | НББПнын түзүмү жана логикасы | Модулдардын болушу, дисциплиналардын ырааттуулугу, | 5 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | теория менен практиканын тең салмактуулугу | |
| 6 | Дисциплиналардын жумушчу программаларынын сапаты | ЖК,ЖКК,ПК компетенцияларга жана заманбап талаптарга шайкеш келиши | 5 |
| 7 | Илимий-методикалык камсыздоо | Окуу китептер, автордук курстар, методикалык материалдар | 5 |
| 8 | Практикага багытталгандыгы, реалдуу кейстердин, симуляциялардын, стажировкалардын болушу | Симуляторлорду, практика базаларын колдонуу | 5 |
| 9 | Дициплиналар аралык байланыштын болушу жана вариативдүүлүк | Вариативдик дисциплиналардын, элективдүү курстардын ,предмет аралык долбоорлордун болушу | 5 |
| | **III. Уюштуруучулук-ресурстук блок (20 балл)** | | |
| 10 | Кадрдык камсыздоо | Окутуучулардын квалификациясы, илимий даражалуу кадрлардын үлүшү, квалификацияны жогорулатуу | 5 |
| 11 | Материалдык-техникалык база | Лабораториялар, симуляциялык борборлор, IT-инфраструктура | 5 |
| 12 | Электрондук билим берүү чөйрөсү | LMS системасы, аралыктан окутуу курстары, санариптик ресурстар | 5 |
| 13 | Студенттерге социалдык жана академиялык колдоо | Тьютордук, консультациялык, менторлук иш, кураторлордун иши | 5 |
| | **IV. Баалоо-жыйынтыктоочу блок (20 балл)** | | |
| 14 | Баалоо каражаттарынын фонду (ФОС) | Баалоо каражаттарынын фонду бар жана алардын сапаты, критерийлердин айкындуулугу | 5 |
| 15 | Студенттердин компетенцияларынын калыптаныш деңгээли | Аралык жана жыйынтыктоочу аттестациялардын жыйынтыктары | 5 |
| 16 | Бүтүрүүчүлөрдүн ийгиликтүүлүгү | Жумушка орношуу, иш берүүчүлөрдүн пикирлери, конкурстарга катышуу | 5 |
| 17 | Сапатты ички жана тышкы баалоо процедуралары | Аккредитация, ички аудит, өзүн-өзү баалоо | 5 |
| | **V. Инновациялык-өнүктүрүүчү блок (15 балл)** | | |
| 18 | Окууда инновациялык технологияларды колдонуу | Симуляциялык, көйгөйгө негизделген, аралаш, долбоордук окутуу | 5 |
| 19 | Студенттердин илимий-изилдөө ишмердүүлүгү | Макалалар, гранттарга катышуу, конференциялардагы ишмердүүлүк | 5 |
| 20 | НББПны жакшыртуу жана жаңылоо системасы | Туруктуу анализ, модулдарды жаңылоо, стейкхолдерлердин сунуштарын ишке ашыруу | 5 |

**Жыйынтык:** 100 балл

| Баа | Мүнөздөмө |
|---|---|
| **90–100 балл** | НББП эл аралык жана улуттук мыкты практикаларга толук жооп берет |
| **75–89 балл** | Жогорку сапат деңгээли |
| **60–74 балл** | Канааттандырарлык деңгээл |
| **< 60 балл** | Программаны өркүндөтүү талап кылынат |

12.2.Билим берүү программаларына ички жана сырткы рецензия алынат.

КОЛДОНУЛУУЧУ АДАБИЯТТАР, ЭЛЕКТРОНДУК РЕСУРСТАР

Тиркеме 1

**Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги**
**“Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий билим берүү өндүрүштүк комплекси**

**Б.Осмонов атындагы**
**ЖАМУнун Окумуштуулар**
**кеңешинде каралып, бекитүүгө**
**сунушталган**
**Протокол №____**
**“____”_______________2025-ж.**

**БЕКИТЕМ**
**Б.Осмонов атындагы**
**ЖАМУнун ректору, т.и.д.,**
**профессор**
**К.Ж.Усенов _________________**
**“____”_______________2025-ж.**

**ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРУУНУН НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРУУ ПРОГРАММАСЫ**
**Багыты (адистиги):**

Даярдоо профили
квалификация:
окуу формасы

Жалал-Абад -2025

2-тиркеме

**050303 Чет тили адистиги үчүн окутуунун натыйжалары боюнча матрица**

| № | Дисциплиналар | ОН-1 | ОН-2 | ОН-3 | ОН-4 | ОН-5 | ОН-6 | ОН-7 | ОН-8 | ОН-9 | ОН-10 | ОН-11 | ОН-12 | ОН-13 | ОН-14 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили жана адабияты | + | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | |

**050303 Чет тили адистиги үчүн окутуунун натыйжалары жана компетенциялар боюнча матрица**

| № | Окутуунун натыйжалары | Компетенциялары |
|---|---|---|
| 1. | ОН-1 | ЖК-1, ЖК-3, ЖК-4, ЖК-5, ЖК-9, ЖК-14 ,ЖКК-1-2 |
| 2. | ОН-2 | ЖК-5, ЖК-7, ЖК-1, ЖКК-2-3 , |
| 3. | ОН-3 | ЖК-1, ЖК-2, ЖК-13, ЖКК-4 |
| 4. | ОН-4 | ЖК-7, КК-8, ЖКК-5 |
| 5. | ОН-5 | ЖК-5, ЖК-6, ЖК-7, ЖК-9, ЖКК-6 |
| 6. | ОН-6 | КК-1, КК-4, КК-12 |
| 7. | ОН-7 | КК-1, КК-4, КК-12 |
| 8. | ОН-8 | КК-3, КК-3, КК-5, КК-6, КК-7, КК-8, КК-11, КК-14, КК-15 |
| 9. | ОН-9 | КК-4, КК-6, КК-12, КК-14, КК-16 |
| 10. | ОН-10 | КК-4, КК-12, КК-16 |
| 11. | ОН-11 | КК-2, КК-7, КК-8, КК-12, КК-14, КК-15, КК-16 |
| 12. | ОН-12 | КК-7, КК-8, КК-11 |
| 13. | ОН-13 | КК-1, КК-2, КК-3, КК-6, КК-12, КК-15, КК-16 |
| 14. | ОН-14 | КК-11, КК-12 |

**Дисциплина жана компетенциялардын матрицасы.**
**Жалпы фундаменталдык цикл**

| № | ДИСЦИПЛИНЫН АТАЛЫШЫ | ЖК 1 | ЖК 2 | ЖК 3 | ЖК 4 | ЖК 5 | ЖК 6 | ЖК 7 | ЖК 8 | ЖК 9 | ЖК 10 | ЖК 11 | ЖК 12 | ЖК 13 | ЖК 14 | ЖК 15 | ЖК 16 | ЖК 17 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили жана адабияты | + | + | + | | | | + | | + | + | + | | + | | | + | + |
| 2 | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

**Жалпы кесиптик цикл**

| № | ДИСЦИПЛИНЫН АТАЛЫШЫ | ЖКК-1 | ЖКК-2 | ЖКК-3 | ЖКК-4 | ЖКК-5 | ЖКК-6 | ЖКК-7 | ЖКК-8 | ЖКК-9 | ЖКК-10 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Илим изилдөөнүн негиздери | + | | + | | | | | | | |
| 2 | Ишкердиктин негиздери | + | | + | + | | | | | + | |
| 3 | | | | + | | | | | | + | + |

**Кесиптик цикл**

| № | ДИСЦИПЛИНЫН АТАЛЫШЫ | ЖК 1 | ЖК 2 | ЖК 3 | ЖК 4 | ЖК 5 | ЖК 6 | ЖК 7 | ЖК 8 | ЖК 9 | ЖК | КК 1 | КК 2 | КК 3 | КК 4 | КК 5 | КК 6 | КК 7 | КК 8 | КК 9 | КК | КК | КК | КК | КК | КК | КК |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Теориялык фонетика | + | | + | | | | | | | | + | | | + | | | | | | | | + | | | | |
| 2 | Негизги чет тили | + | | + | + | | | | | + | | + | | | + | | | | | | | | + | | | | |
| 3 | Тил илимине киришүү | | | + | | | | | | + | + | | | + | | | | | | | | + | + | | | | + |
| 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

Иштеп чыккандар:
Алибаев А.П
Уметов Т.Э
Турдубаева Б.М